*Долуева З.Д.*

# ЧАКЧЫЛ КОНСТРУКЦИЯЛАРДЫН ЯДРОЛУК СТРУКТУРАЛЫК СХЕМАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН КОНКРЕТТҮҮ МОДЕЛДЕРДЕ ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛЫШЫ

*Долуева З.Д.*

# КОНКРЕТНЫЕ МОДЕЛИ ИХ КОНСТРУКЦИЙ И СТРУКТУРНЫХ СХЕМ ЯДЕРНЫХ ЧАКЧЫЛ ОСУЩЕСТВЛЯТЬСЯ ТЕХНИЧЕСКИМИ РЕГЛАМЕНТАМИ

*УДК: 341.88/367*

*Чакчыл конструкциялардын ядролук структуралык схема жана моделдерин түзүүдө структура-семантикалык тип негизге алынып, чакчыл конструкцияларды сүйлөмдүн бир бүтүн компоненти катары ички структурасын ачпастан туюнтуу ыкмасы аркылуу аталган конструкциялар катышкан сүйлөмдөрдүн негизги моделдери берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *Ядролук структуралык модель, схема, конструкциялык тип, семантикалык, структуралык, структуралык-семантикалык модель, символдук формулалар, инвентарлар түзүү, синтаксистик комбинация, конструкциянын ички структурасы ж.б.*

Чакчыл конструкциялардын ядролук структуралык схемаларын сыпаттап жазуу жана алардын конкреттүү моделдерде жүзөгө ашырылышын аныктоо үчүн биз эки ыкманын материалдарын анализдөөнү негиз кылып алабыз: “текст-маани”, “маани-текст”. Бул чакчыл конструкциялардын моделдерин түзүүгө, структуралык схемаларынын типтерин аныктоого негизги объекти катары кызмат кылат. Экинчиден, мааниден текстке карата анализ инвариантттык семантикадан көптөгөн вариантка карата багытталуу белгилүү деңгээлдеги модель аралык синтаксистик процесстерге карата талдоо жүргүзүлмөкчү, ал синтаксистик жайылуу, трансформация, перифразалоо, конверсия, контаминациялык анализдер менен далилденет. Бул макалада биз чакчыл конструкциялардын структуралык схема жана моделдеринин типтеринин акыркы инвентарларын түзүп сунуштайбыз.

Чакчыл конструкциялардын типтерин, структуралык схемаларын жана моделдерин сыпаттап жазуу – комбинатордук айкаштардагы категориялык-функционалдык терминдер аркылуу белгиленген структуралык схема жана моделдердин компоненттик курамын символдук формулалар түрүндө көрсөтүү менен аныкталат, себеби синтаксистик комбинацияларда, же синтаксистик конструкциялардын курамында сөздөрдүн бардык формалары белгилүү бир категориялык мааниси бар экендиги менен мүнөздөлүп турат, алсак, зат атооч үчүн категориялык мааниси – нерселик, этиш үчүн – кыймыл-аракеттик, сын атооч үчүн – сапат-сыпат, белгилик ж.б. Демек, сөз формаларынын ар бири белгилүү бир синтаксистик функция аткарып тургандыгы менен өзгөчөлөнүп турат.

Төмөндө чакчыл конструкциялардын ядролук структуралык схема жана моделдеринин типтерин интерпретациялоо жана сыпаттоо үчүн колдонулган символдордун жана кыскартуулардын тизмесин беребиз:

Сүйлөм жана конструкциялардын моделдерин түзүүнүн ырааттуулугу

**I.** Сүйлөм моделин түзүүнүн типтери

1. **Структуралык модель** сүйлөм компоненттеринин грамматикалык формасын жана компоненттердин ортосундагы грамматикалык байланыштарды чагылдырат.

Структуралык моделдин шарттуу белгилери (ар бир автор өзүнчө шарттуу белгилерди иштеп чыга алат):

1. N – зат атооч (noun англ. – зат атооч)
2. V – этиш (verb англ. – этиш)
3. A – ат атооч ж.б.

2. **Семантикалык модель** сүйлөм компоненттеринин семантикалык функциясын жана компоненттердин ортосундагы семантикалык байланыштарды (синтаксистик катыштарды) чагылдырат.

Семантикалык моделдин (автордук – З.Д.) шарттуу белгилери:

1. S – сүйлөмдүн субъектиси
2. P – предикат
3. Atr – атрибут
4. Adv – адверб (бышыктооч)
5. O – объект ж.б.

3. **Структура-семантикалык модель** сүйлөм компоненттеринин грамматикалык формасын жана алардын ортосундагы семантикалык байланыштарды (синтаксистик катыштарды) чагылдырат.

Структура-семантикалык моделдин шарттуу белгилери:

$З_{1,2,3...}$ – зат атооч (төмөнкү индекстеги сан жөндөмөлөрдүн катар ирээтин билдирет);

$А_{1,2,3...}$ – ат атооч (төмөнкү индекстеги сан заттык маанide колдонулган ат атоочтордун жөндөмөлөрүнүн катар ирээтин билдирет);

Сын – сын атооч;
Сан – сан атооч;
Т – тактооч;
Э – этиш;
А – ат атооч;
ПК – предикативдик катыш;
ОК – объектилик катыш;
АК – атрибутивдик катыш;
БК – бышыктоочтук катыш;

ЧК$_{1,2...}$– чакчыл конструкция (төмөндөгү сан чакчыл конструкциянын катар иретин билдирет;

АК$_{1,2...}$ – атоочтук конструкция (төмөндөгү сан конструкциянын катар иретин билдирет).

Кызматчы сөздөр жана сөз мүчөлөрү (жөндөмөлөрдөн башкасы) төмөнкү индекс менен берилди. Жөндөмө мүчөлөрү төмөнкү индекс менен катар ирети боюнча (атооч жөндөмө – 1, илик жөндөмө – 2, барыш жөндөмө – 3 ж.б.) туюнтулду.

Мисалы: З$_{менен}$ – *менен* жандоочу айкашкан зат атооч; Э$_{ды+м}$ – биринчи жакта, айкын өткөн чакта турган этиш; З$_{4+ы}$ – жак таандык мүчөсү (*-ы, -сы*) уланган жана табыш жөндөмөдө турган зат атооч (мисалы, *китебин*) ж. б.

**II.** Чакчыл конструкцияларды сүйлөм моделдеринде туюнтуунун ыкмалары

1. Чакчыл конструкцияларды сүйлөмдүн бир бүтүн компоненти катары, ички структурасын ачпастан, туюнтуу.

2. Чакчыл конструкциялардын ички структурасын ачып туюнтуу.

***Мында, моделдин типтеринин ичинен 3-тип (структура-семантикалык модель) жана биздин чакчыл конструкцияны сүйлөмдүн бир бүтүн компоненти катары негиздөөгө аракет кылгандыгыбызга байланыштуу, чакчыл конструкцияларды туюнтуунун биринчи ыкмасы (конструкциянын ички структурасын ачпастан, бир компонент катары кароо) берилет.***

**Чакчыл конструкциялар катышкан сүйлөмдөрдүн негизги моделдери**

1. *Кечигип калармын деп,* поезддин алдына саат алтыда чыккан элем (Ч.А.).




Жогорку сүйлөмдөгү чакчыл конструкция сүйлөмдүн баяндоочу аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин себебин билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турат. Чакчыл конструкциянын ички структурасын төмөнкүдөй модель менен туюнтууга болот:




2. Ал ырдады, *өзүнүн атаандашын да унутуп, бизди да унутуп* (Ж.М.).




Бул сүйлөмдөгү биринчи чакчыл конструкция да, экинчи чакчыл конструкция да баяндооч менен бышыктоочтук катышта туруп, кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык белгисин билдиришет. Чакчыл конструкциялардын ички моделдери:



3. *Дүкөнчөнү ачып,* мен трактирге кайнак суу алып барышым керек болчу (К.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндооч билдирген кыймыл аракеттин сын-сыпатын билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турат. Анын ички моделин төмөнкүдөй туюнтууга болот:




4. Мен жакында билдим, университет – фантазия экенин жана туура кылган экенмин, *Персияга кетип* (Ч.А.).




Жогорку сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндооч менен бышыктоочтук катышта туруп, кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирет. Анын модели төмөнкүдөй:




5. *Манастын келгенине дүнүйөсү толуп*, карк болуп турган Акбалта Кырмусту карап да койбоду (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция *карк болуу* этиши билдирген кыймыл-аракеттин себебин билдирип, бул этиш менен бышыктоочтук катыш түзөт. Анын ички модели:



6. *Сакалы ылдый коюнуна кубанычтын жашын куюлтуп*, Акбалта шайтандай жүргөн Көкчологун теминип, Алтай тоону көздөй бет алды (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турат. Чакчыл конструкциянын ички модели төмөнкүдөй:




7. *Ошол күндөрдү эсине тутуп*, Каныкей кыз Сайкалга куш тилиндей кат узаткан (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция кыймыл-аракеттин себебин билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катыш түзөт. Анын ички модели төмөнкүдөй:




8. Түн ортосу оогондо эт бышымдай отко коюп, *чаркыттап сугарып*, кайрадан таң ашырып салышты (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндоочтун сын-сыпатын туюнтуп, аны менен бышыктоочтук катышта турат. Анын ички модели:



9. *Кызыл оозун араандай ачып, кызыл тилин саал ууртунан салаңдатып, Желмаяндын артына келип, тумшугун көккө сундуруп*, улуп-уңшуп, чочоюп отуруп алды Кумайык (А.Ж.).




Бул мисалдагы чакчыл конструкциялардын бардыгы баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалдарын (сын-сыпат, орун) билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турушат. Алардын ички моделдерин төмөнкүдөй туюнтууга болот:










10. *Ошентип эки арамга сыр бербей, кайра милдет жүктөп коюп*, Бакай менен Каныкей Ордонун иши, Манастын айласы менен болушту (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкциялар баяндооч менен бышыктоочтук катышта турушуп, кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык белгилерин билдиришет. Чакчыл конструкциялардын ички модели төмөнкүдөй:



11. Түн каракчысы түшкөндө, таң каракчысы болгуча, *көкүлүн көккө ыргытып, жалын желге сапырып, таноолорун дердейтип*, эргип учту Аккула (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкциялар баяндооч туюнткан кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык белгилерин билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турушат. Алардын ички моделдери:




12. *Жайлоодо көзүн мөлтүрөтүп*, тынч жаткан тунук көлмө бар (Ж.М.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция *тынч жатуу* деген этиш билдирген кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирип, бул этиш менен бышыктоочтук катыш түзөт. Анын ички модели төмөнкүдөй:



13. *Төшөнчү-жуурканын белендеп, дүйүм тамагын жайнатып*, тосуп алчу эне жок үйдө (Ж.М.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкциялар *тосуп алуу* деген этиш билдирген кыймыл-аракеттин сын-сыпатын туюнтуп, аталган этиш менен бышыктоочтук катышта турушат. Алардын ички моделдерин төмөнкүдөй туюнтууга болот:




14. – Карабайсыңбы жакшылап, - дейт Момун, *араба жакка башын ийкеп* (Ч.А.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция сүйлөмдүн баяндоочу тарабынан туюнтулган кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турушат. Чакчыл конструкциянын ички модели төмөнкүдөй:




15. – Жок,- деди Султан кыжырдуу үн менен, *очкисин оңдоно кийинип* (Ж.М.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин сын-сыпатын туюнтуп, аны менен бышыктоочтук катышта турат. Конструкциянын ички модели төмөнкүдөй:



16. *Катуу мертинген жоо бүгүн эле кол курап, баш көтөрө койбос деп*, андан Бакайдын көөнү тынч (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция сүйлөмдүн сын атоочтук баяндоочу билдирген мезгилдик мааниге ээ болгон сын-сыпаттын (предикаттын) себебин билдирип, баяндооч менен бышыктоочтук катышта турат. Чакчыл конструкциянын ички моделин төмөнкүдөй туюнтууга болот:




17. *Жүр дегенде жүрбөйсүңбү деп*, жигиттер шаштыра баштады (К.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндоочтун сын-сыпатын билдирип, аны менен бышыктоочтук катышта турат. Анын ички модели төмөнкүдөй:




18. *Өмүрүнүн аягына чейин манас айтып*, жерди түрө кыдырып жүрө турган (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндоочтун сын-сыпаттык белгисин билдирип, аны менен бышыктоочтук катышта турат. Анын модели:



19. *Кенен, кооз ак өргөөнүн ичине дасторконун жайнатып,* Бокмурун эл билермандарына кеңеш салды (А.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция баяндоочтун сын-сыпатын билдирип, аны менен бышыктоочтук катышта турат. Чакчыл конструкциянын ички структурасын төмөнкү модель менен чагылдырууга болот:




20. *Бардык жүргүнчүлөр түшүүчү автобуска баш багып*, кимди издегенин билбеген Арыков орундукка барып отура калды (К.Ж.).




Бул сүйлөмдөгү чакчыл конструкция сүйлөмдөгү *издөө* деген кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирип, бул этиш менен бышыктоочтук катыш түзөт. Конструкциянын ички модели төмөнкүдөй:




**Адабияттар:**


1. Ахматов И.Х. Структурно-семантические модели простого предложения в карачаево-балкарском языке: Авторефер. дис. ... д-ра филол.наук. -М., 1980.
2. Мусаев С.Ж. Парадигматические типы причастных конструкций в киргизском языке. -Фрунзе.: Илим, 1987.
3. Айтматов Ч. 8 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. 6-7-том. Түзг: Акматалиев А.-Б.:Бийиктик, 2008.
4. Жакыпбеков А. Теңири Манас. -Б.: Кыргызстан, 1995.
5. Касымбеков Т. Сынган кылыч.-Фрунзе: Мектеп, 1990.
6. Мавлянов Ж. Кайрымсыз жылдар. -Б, 1994.


**Рецензент: к.филол.н. Шакенбаева Г.**